КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

________________№________ Бишкек шаары

**Өзүн-өзү көтөрүүчү каптама зымдуу 0,38 киловольт (кВ) чыңалуусундагы аба чубалгыларын пайдаланууга кабыл алуу эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 4-июнундагы № 319 “Мамлекеттик органдардын укуктук мүнөзгө ээ актыларын кабыл алуу тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык, буйрук кылам:

1. Өзүн-өзү көтөрүүчү каптама зымдуу 0,38 киловольт (кВ) чыңалуусундагы аба чубалгыларын пайдаланууга кабыл алуу эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Адам ресурстары жана иш кагаздарын жүргүзүү башкармалыгы ушул буйрукту каттоо жөнүндө өзүнчө журналда каттоосун жүргүзсүн жана “Электрондук документ жүгүртүүнүн мамлекеттик системасы” автоматташтырылган маалымат системасына киргизсин.

3. Электр энергетика башкармалыгы:

- ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин расмий веб-сайтына мамлекеттик жана расмий тилдерде катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде жарыяласын;

- ушул буйруктун электрондук версиясын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу катталган күндөн тартып жети жумушчу күндүн ичинде Укук маалыматтарынын борбордоштурулган банкына киргизүү үчүн жөнөтсүн.

4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө электр энергетика башкармалыгына жүктөлсүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

**Об утверждении Правил приемки в эксплуатацию воздушных линий электропередачи напряжением 0,38 киловольт (кВ) с самонесущими изолированными проводами**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О порядке принятия актов государственных органов, обладающих правовым характером» от 4 июня 2025 года № 319, приказываю:

1. Утвердить Правила приемки в эксплуатацию воздушных линий электропередачи напряжением 0,38 киловольт (кВ) с самонесущими изолированными проводами согласно приложению.

2. Управлению человеческих ресурсов и делопроизводства произвести регистрацию настоящего приказа в отдельном журнале о регистрации актов и внести в автоматизированную систему «Государственная система электронного документооборота».

3. Управлению электроэнергетики:

- в течение трех дней со дня регистрации настоящего приказа разместить настоящий приказ на государственном и официальном языках на официальном веб-сайте Министерства энергетики Кыргызской Республики;

- в течение семи рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа направить электронную версию через систему электронного документооборота в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Централизированный банк данных правовой информации.

4. Настоящий приказ вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на управление электроэнергетики.

**Министр** **Т.Ө. Ибраев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Тиркеме

Кыргыз Республикасынын энергетика
министрлигинин
2025-ж. “___”-________

№ __________________
буйругуна

**Өзүн-өзү көтөрүүчү каптама зымдуу 0,38 киловольт (кВ) чыңалуусундагы аба чубалгыларын пайдаланууга кабыл алуу эрежелери**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул эрежелер Кыргыз Республикасынын электр тармактарында өзүн-өзү көтөрүүчү каптама зымдуу 0,38 кВ чыңалуусундагы аба чубалгыларын (КАЧ 0,38 кВ) ишке киргизүүнүн негизинде аларды куруу жана пайдалануудагы тажрыйбаларды эске алуу менен иштелип чыккан. КАЧтардын зымдары, аларды орнотууда, оңдоодо керек болгон бириктирип кошууга арналган арматууралары, илгичтери, ыкташтырмалары жана шаймандары негизинен «Иркутсккабел» АКсы, «Элсика» БИ (Россия), Cableries de Lens, Simel (Франция), Nokia Cables, Ensto-Sekko (Финляндия) жана башка фирмалары аркылуу камсыздалат.

2. Эрежелер 0,38 кВ КАЧтарды пайдаланууга кабыл алган энергетика ишканаларынын ишкерсандары үчүн арналган.

3. 0,38 кВ КАЧтарды пайдаланууга кабыл алуу курулган (кайра курулуп) бүткөн объекттерин пайдаланууга кабыл алуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

4. Бул Эрежелердин талаптары бир боого чыйралган өзүн-өзү көтөрүүчү ар кандай түзүлуштүк аткарыктагы капталмаланган зымдардан (СИПтен) турган 0,38 кВ КАЧтарына таралат, анын ичинде:

- капталмаланган нөлдүк көтөрүүчү зымдуу;
- капталмаланбаган нөлдүк көтөрүүчү зымдуу;
- көтөрүүчү зымсыз;
- көтөрүүчү капталмаланган фазалык жана нөлдүк зымдары менен болгон.

Керек болгон учурда КӨКЗынын түзүлүшүндө фазалык жана нөлдүк зымдарга тышкы жарыктандыруу жана көзөмөлдүк зымдары кошулушу мүмкүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

5. КӨКЗысы менен болгон 0,38 кВ КАЧтардын зымдарына жана КАЧтарды бириктирүүчү жана илүүчү (төшөөгө, тартууга) толуктоочу арматураларына коопсуздук күбөнаамалары жок болгон учурда иштетип пайдаланууга кабыл алууга жол берилбейт.

6. Баардык фазалык, текшерүүчү зымдар, жарыктандыруучу зымдар, ал эми кээ бир КӨКЗнын түзүлүштөрүндө ошондой эле нөлдүк зымдар атмосфералык таасирлерге, жарыктыкка турукташтырылган капталмалоочу полиэтилен кабыкчасы менен болушу керек.

7. КӨКЗысы менен болгон КАЧтар таянычтарда, имараттардын жана курулмалардын тамдары менен, имаратттардын жана курулмалардын ортолору менен тартылышы мүмкүн, эгерде 1 кВ чейинки КАЧтарды орнотуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларынын талаптарын сактаган учурда.

8. Бир боого чыйратылган каптама зымдарды, 0,38 кВ КАЧтарын орноткон учурда, 0,38-20 кВ башка аба чубалгылары менен, радио берүү жана телефон чубалгылары менен бирге илинип тартылышы мүмкүн.

## 2-глава. 0,38 кВ КАЧтарын пайдаланууга кабыл алуунун жалпы талаптары

9. Пайдаланууга кабыл алынуучу КӨКЗ менен болгон КАЧтардын курулуш-монтаждоо иштеринин жана ошондой эле чубалгынын өзү толугу менен долбоордук иш кагаздарына жана башка ченемдик техникалык иш кагаздардын талаптарына туура келишине текшерилиши зарыл.

10. Таянычтардын түзүлүштөрү, 0,38 кВ КАЧынын бөлүктөрү жана түйүндөрү тандалып текшерилиши керек, алардын жыйынтыктары тийиштүү тартипте протоколдор менен таризделет.

11. Тандалып текшерүүгө төмөндөгүлөр дуушар болууга тийиш:

- таянычтар, алардын жерге орнотулушунун тереңдиктери, чуңкурларынын толтурулуп көмүлүшүнүн сапаты;
- КӨКЗынын өрүлмөгө топтолуп чыйралуусу;
- омоктук, кармап туруучу кыскычтардын таянычтарга, тамдын жана курулмалардын боорлоруна бекитилүүчү бөлүктөрү;
- омоктук, кармап туруучу, кошуучу жана бутактоочу кыскычтар;
- коргоочу капталмалоочу кыстармалар, каптар, калпакчалар, капталмалоочу чарыма тасмалар жана каамытчалар;
- жердеткичтердин жана ашыкча чыңалуудан коргогучтардын кыскычтары жана түзүлүштөрү;
- аралыктар, жакындоолор, кесилиштер, анын ичинде таянычтардагы.

12. Төмөндөгү тандалган өлчөөлөр жүргүзүлүшү керек:

- «фаза-нөл» илмегинин каршылыгы;
- жердетүүчү түзүлүштөрдүн каршылыктары.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН


Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

## 3-глава. 0,38 кВ КАЧынын пайдаланууга даярдыгын текшерүү

13. 0,38 кВ КАЧынын иштетип пайдаланууга даярдыгын текшерүү кабыл алуучу комиссия тарабынан тандап кароо, текшерүү жана өлчөө жолдору менен жүргүзүлүп, алардын жыйынтыгында төмөндөгүлөр тастыкталышы керек:

1) Таянычтар боюнча:

- таянычтардын түрлөрүнүн, түзүлүштөрүнүн (корогойлордун, кыяпкарылардын ж.б.) туура алынышы, трасса боюнча туура орнотулушу, тереңдетилип көмүлүүсүнүн маанилеринин долбоордук жана конструктордук иш кагаздардын талаптарына туура келиши;
- таянычтардын материалынын сапаты, жаракалардын, арматуралардын ачылып калышынын, механикалык жабыркоолордун жоктугу;
- таянычтардын жерге бекитүүнүн сапаты;
- таянычтардын элементтерин бекитүүнүн сапаты.

2) Өзүн-өзү көтөрүүчү каптама зымдар боюнча:

- зымдардын түрлөрү жана кесилиштери долбоорго туура келиши;
- КАЧтын каптама жапкычынын бүтүндүгү (механикалык бузулуулар, каптаманын сүрүлүп жешилиши, тиликтердин ж.б. издеринин жоктугу);
- көтөрүп туруучу капталмаланбаган нөлдүк зымдын механикалык бузулууларынын издеринин жоктугу;
- «фаза-нөл» илмегинин электрдик каршылыгынын маанилеринин долбоордук иш кагаздардын талаптарына туура келиши;
- КАЧ зымдарынын салбырашы ченемдерге туура келиши.

3) Омоктук (учтук - акыркы) жана кармап туруучу кыскычтардын бекитилуучу түйүндөрү боюнча:

- долбоордук жана конструктордук иш кагаздарга туура келүүлөрү;
- түйүндөрдүн түрлөрү кыскычтардын түрлөрүнө жана таянычтардын тирөөчтөрүнүн түрлөрүнө туура келиши керек;
- механикалык бузулуулардын жок болушу;
- бурамалуу кошулуулардын, кырчоолук бекитүүлөрдүн тартылууларынын жетиштүүлүгү.

4) Омоктук (учтук акыркы) жана кармап туруучу кыскычтар боюнча:

- долбоордук жана курап-чогултуу иш кагаздарына туура келиши
- кыскычтардын түрлөрү түрдүн улгүлөрүнө жана куралып чогултулган КАЧтардын кесилиштери боюнча бирдей болушу керек;
- курап-чогултуунун тууралыгы;
- капталмалоочу тыштардын бузулууларынын жок болушу;
- омоктук (учтук акыркы) кыскычтардын шынаалык кыстармалардын жана көтөрүп туруучу капталмаланган нөлдүк зымдын каптамасынын бузулууларынын кыскычка жакын жердеги жоктугу;


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
№ 63-5, 20.10.2025
Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

- капталмаланбаган көтөрүп туруучу нөлдүк зымдын омоктук (учтук акыркы) кыскычтарынын конус өңдүү бойшакектеринин жумушчу абалда болушу;

- бурамалык кошулуулардын тартылуу учурунун конструктордук жана курап-чогултуу иш кагаздарынын талаптарына туура келиши: динамометрдик ачкычтын жардамы менен текшерилет;

- абал бекиткич тээктин (чапматиштин) жумушчу абалы;

- зымдын капталмаланбаган бөлүгүнүн кыскычтын темир бөлүгү менен тийген жерлериндеги майлоочу майдын бардыгы.

5) Кошуучу кыскычтар боюнча:

- кыскычтын түрүнүн үлгүнүн түрунө, материалына жана кошулуучу КӨКЗлардын кесилиштери боюнча туура келүүлөрү;

- кыскычтардын механикалык бузулууларынын жоктугу;

- кыскычтын толук жубаздалышы (белгилердин бар болушу жана алардын санынын курап-чогултуу иш кагаздарынын талаптарына туура келиши);

- өзу отуруп калуучу каптамалоочу кабыкчалардын курап-чогултуу иш кагаздарына туура келүүсү жана туура абалда туруусу;

- куралып-чогултулган кыскычтардын геометрикалык өлчөмдөрүнүн курап-чогултуу иш кагаздарынын талаптарына туура келиши;

- кыскычтардын баштарында (учтарында) капталмаланган зымдардын капталмаланбай калган бөлүктөрүнүн жоктугу;

- кыскычтардын ийилген жерлеринин жоктугу (ийилүүсу кыскычтын узундугунун 5%нан ашпашы керек).

6) Бутактоочу кыскычтар боюнча:

- бутактоочу кыскычтын түрү үлгүнун түрүнө жана аны менен кошулуучу зымдардын кесилиштерине туура келиши керек;

- бутактоочу кыскыч орнотулган жердеги зымдын капталмаланбаган бөлүгүндө майлоочу майдын болуп туруусу;

- кыскычтын коргоочу капталмалоочу кабынын бар болушу, анын бүтүндүгү жана туура орнотулушу;

- түзүлуштөрдөгү кыскычтын капталмалоочу бөлүктөрүнун, анын каптары каталмалоочу материалдардан даярдалган учурда, механикалык бузулууларынын жок болушу жана бүтүндүгү;

- бурамалык кошулуулардын жетиштүү тартылышы: кыскычтарды жөнөкөй бурамаларды колдонуп динамометрдик ачкычты колдонуунун жардамы менен текшерилет жана байкоо менен – чектелген бышыктыктагы башы бар бурамалуу кыскычтарда, мындай баштуу бурамалардын жоктугу боюнча көз жеткен учурда.

7) Капталмалоочу коргоочу кыстармалар, калпакчалар, кырчоо каамытчалары жана тасмалар боюнча:

- коргоочу кыстармалардын же төшөндүлөрдүн бар экендиги, туура орнотулушу (долбоор боюнча), алардын бүтүндүгү;


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- КӨКЗ зымдарынын кошулуулардан бош капталмаланган учтарындагы капталмалоочу калпакчалардын туура орнотулушу жана алардын бар экендиги жана бүтүндүгү;

- кошуучу, бутактоочу, кармап туруучу, омоктук (акыркы учтук) жана башка кыскычтар орнотулган жерлердеги КӨКЗ өрүмүнүн туура калыптанышы (долбоор боюнча): тартуучу (кырчоолук) каамытчалардын же тасмалардын бар экендиги жана бүтүндүгү.

8) КӨКЗларды таянычтарын тирөөчтөрү менен, тамдын жана курулмалардын боорлору менен тартып бекитүүчү түзүлүштөрү боюнча:

- жарыктагы тирөөчтүн, тамдын же курулманын тышкы бетинен КӨКЗ өрүмүнө чейинки аралыктын долбоорго туура келиши;

- капталмалоочу бойшакектердин жана кырчоолук каамытчалардын туура орнотулушу, алардын бар экендиги жана бүтүндүгү.

9) Жердетүүчү түзүлүштөр боюнча:

- жердетүүчү түзүлүштөр, жана кайталануучу жердетмелердин долбоорго туура келиши, алардын бар экендиги жана бүтүндүгү;

- жердетүүчү өткөрмөлөрдүн жана нөлдөштүрүү зымынын кесилишинин, затынын, алардын кошулмаларынын жана бириктирүүлөрүнүн (анын ичинде жердетүүчу чөйрөсызыгынын) долбоорлук иш кагаздарга туура келиши;

- жердетүүчү чөйрөсызык менен байланышкан жердетүүчү өткөргүчтөрдүн дат басууларынын, үзүктөрүнүн жана башка көрүнүктүү бузуктарынын жоктугу;

- жердетүүчү өткөргүчтөрдүн ширетилген кошулмаларынын ишенимдүүлүгү;

- жердетүүчү түзүлүштүн электирдик каршылыгынын маанисинин 1 кВ чейинки КАЧтардын орнотуу талаптарына туура келиши;

- дүрмөтсүздөндүргүчтөрдүн орнотуу түзмөгүнүн долбоорлук иш кагаздардын талаптапрына туура келиши.

10) 0,38 кВ КАЧтарынын жакындашуу, кесилишүү, кайчылашуу аралыктары боюнча:

- КАЧтардын башка АЧылар, имараттардын жана курулмалардын бөлүктөрү, башка курулмалар менен жакындашкан, кайчылашкан, кесилишкен аралыктарынын (анын ичинде кошо илингендеги) 1 кВ чейинки КАЧтардын долбоордук-сметалык иш кагаздарына туура келиши;

- КАЧ таянычтарына жана зымдарына жыгылуу коркунучун туудуруучу дарактардын өсүүлөрүнүн жоктугу.

11) Экаралык түзулуштөр, сактоочу-кошоорлор боюнча:

- орнотуу түзмөгүнүн долбоорлук иш кагаздарга туура келиши;

- жыйнактуулугу;

- зымдардын фазировкасынын тууралыгы;

- эричүү коймолордун чектелген чоңдуктагы агындарынын долбоорго туура келиши;


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

- буралма кошуулардын абалы (бурамалардын тартуу учурунун техникалык иш кагаздардын талаптарына туура келиши);

- зым менен кыскычтын тийишкен ортосундагы майлоосу;

- жубаздалуучу кошуучу кыскычтардын жана учтуктардын абалдары;

- таянычтага, курулмаларга бекитүүлөрдүн ишенимдүүлүгү;

- көрүнүктүү бузулуулардын жоктугу;

- коргоочу каптар ордун ээлегендиги, алардын бүтүндүгү;

- түзүлүштөрдүн механикалык бөлүктөрүнүн иштешинин ишенимдүүлүгү.

## 4-глава. 0,38 кВ КАЧтарын пайдаланууга кабыл алуу

14. Курулманы кабыл алуунун биринчи баскычында Тапшырык ээсинин жана Жалдоочунун өкүлдөрүнөн турган курамдагы жумушчу комиссия тарабынан 0,38 кВ КАЧтын даярдыгы бул Эрежелердин 3-главадагы көлөмгө жараша текшерилип, жумушчу комиссиянын Актысы түзүлөт, жана аныкталган жетишсиздиктердин жоюулушуна жараша курулуп бүткөн курулманы кабыл алуу Мамлекеттик кабыл алуу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

15. Кабыл алуу актысына КАЧты курууга болунгөн жер тилкесин чегерип берүүгө болгон иш кагаздар, долбоордук-сметалык иш кагаздар, КАЧтын жана анын толукточуларынын түзмөктөрү жана чиймелери, курулманын күбөнаамасы, заводдук күбөнаамалар жана толуктоочу буюмдарынын иштетип пайдалануу боюнча нускамалары, жашырылган иштердин актылары, кээ бир маанилүү түзүлүштөрдү кабыл алуу актылары (өтмөктөр, кесилиштер), сыноолор, жыйнактуу сынап иштетип көрүүлөр боюнча протоколдор, Кыргыз Республикасынын энергетика министирлигинин 2023- жылдын 22- мартындагы № 01-13/69 буйругу менен бекитилген «0,38-10 кВ чыңалуусундагы бөлуштүрүү тармактарынын курулуп бүткөн курулмаларын иштетип пайдаланууга кабыл алуу эрежелеринин» негизинде түзүлгөн протоколдору тиркелиши керек.

16. Курулманын кабыл алуу актысы бекитилип пайдалануу боюнча буйрукка кол коюлуп, негизги каражаттар боюнча маалымат базасына киргизилгенден баштап пайдаланууга кабыл алынды деп эсептелет.

17. Эгерде 0,38 кВ КАЧ курулмасы боюнча кабыл алуу актысынын бекитүү мөөнөту өтүп кетсе, курулма кабыл алынды деп эсептелбейт, жана ал боюнча кабыл алуу комиссиясы кайта түзулөт.

18. Жумушчу комиссиянын сын пикирлери жоюлбаган же сыноолордон жана сынап иштетип көрүүлөрдөн өтпөгөн, ошондой эле техникалык талаптарга жооп бербеген материалдар же толуктамалар жана тастыкталбаган буюмдар колдонгон учурларда (эгерде алар тийиштүү тастыктоодон өтүүлөрү зарыл болсо) курулманы кабыл алууга тыюу салынат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

19. Пайдаланууга кабыл алуу эрежелерин бузуу комиссиянын баардык мүчөлөрүнүн жоопкерчилигине алып келет, анын ичинде комиссиянын төрагасынын жана курулманы бүлүнүүгө алып келүүчү же иштетип пайдаланууда тейлөөчү ишкерсандардын коопсуздугуна коркунуч туудурган толук жасалып бүтпөгөндүктөрү жана бузуктары менен кабыл алууга мажбурлаган адамдар менен бирге.



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

# Мазмуну


| | |
|---|---|
| 1-глава. Жалпы жоболор | 1 |
| 2-глава. 0,38 кВ КАЧтарын пайдаланууга кабыл алуунун жалпы талаптары | 2 |
| 3-глава. 0,38 кВ КАЧынын пайдаланууга даярдыгын текшерүү | 3 |
| 4-глава. 0,38 кВ КАЧтарын пайдаланууга кабыл алуу | 6 |


# Шарттуу кыскартуулар

| | |
|---|---|
| КАЧ | капталмаланган аба чубалгысы |
| КӨКЗ | капталмаланган өзун-өзу көтөрүүчу зымдар |


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Приложение

Утверждено приказом
Министерства энергетики
Кыргызской Республики
от «___» ________ 2025 года
№ _________________

# Правила
# приемки в эксплуатацию воздушных линий электропередачи напряжением 0,38 киловольт (кВ) с самонесущими изолированными проводами

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящие Правила разработаны в связи с внедрением в электрических сетях Кыргызской Республики воздушных линий электропередачи напряжением 0,38 кВ с самонесущими изолированными проводами (ВЛИ 0,38 кВ) с учетом опыта их сооружения и эксплуатации. Провода, арматура для их соединения и подвески, приспособления и инструмент для монтажа и ремонта ВЛИ поставляются АО «Иркутсккабель», СП «Элсика» (Россия), фирмами Cableries de Lens, Simel (Франция), Nokia Cables, Ensto-Sekko (Финляндия), другими фирмами.

2. Правила предназначены для персонала энергопредприятий, принимающих в эксплуатацию ВЛИ 0,38 кВ.

3. Приемка законченных строительством (реконструкцией) ВЛИ 0,38 кВ в эксплуатацию должна производиться в соответствии с действующими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики в сфере приемки в эксплуатацию законченных строительством объектов и настоящими Правилами.

4. Требования настоящих Правил распространяются на ВЛИ 0,38 кВ с самонесущими скрученными в жгут изолированными проводами (СИП) различного конструктивного исполнения, в том числе:

- с изолированным нулевым несущим проводом;
- с неизолированным нулевым несущим проводом;
- без несущего провода;
- с несущими фазными и нулевым изолированными проводами.

При необходимости в конструкцию СИП к фазным и нулевому проводам могут быть добавлены провода наружного освещения и контрольные провода.

5. Не допускается приемка ВЛИ 0,38 кВ с СИП в эксплуатацию при отсутствии сертификатов безопасности на провода и комплектующую арматуру для соединения и подвески (прокладки) СИП.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

6. Все фазные провода, контрольные провода, провода освещения, а в некоторых конструкциях СИП также нулевой провод должны иметь изолирующую оболочку из светостабилизированного атмосферостойкого полиэтилена.

7. Воздушные линии с самонесущими изолированными проводами могут прокладываться на опорах, стенах зданий, сооружениях и между зданиями и сооружениями при соблюдении соответствующих требований действующих нормативных правовых актов Кыргызской Республики в сфере устройства ВЛИ до 1 кВ.

8. Скрученные в жгут изолированные провода допускается использовать и при сооружении ВЛИ 0,38 кВ с совместной подвеской проводов других ВЛ 0,38-20 кВ, радиовещания и телефонных линий.

## Глава 2. Общие требования к приемке ВЛИ 0,38 кВ в эксплуатацию

9. Воздушные линии с самонесущими изолированными проводами, подлежащие приемке в эксплуатацию, должны быть проверены на соответствие строительно-монтажных работ и линии в целом проектной документации и требованиям нормативно-технических документов.

10. Должны быть выполнены выборочные проверки конструкций опор, элементов и узлов ВЛИ 0,38 кВ, результаты которых оформляются протоколами в установленном порядке.

11. Выборочным проверкам подлежат:

- опоры, глубина их установки в грунте, качество засыпки котлованов;
- скрученный в жгут изолированный СИП;
- элементы крепления анкерных и поддерживающих зажимов к опорам, стенам зданий и сооружениям;
- анкерные, поддерживающие, соединительные и ответвительные зажимы;
- защитные изолирующие накладки, кожухи, колпачки, изолирующие бандажные ленты и хомуты;
- зажимы и устройства заземлений и защиты от перенапряжений;
- габариты, приближения, пересечения и сближения, в том числе на опорах.

12. Должны быть выполнены выборочные измерения:

- сопротивления петли «фаза-ноль»;
- сопротивления заземляющих устройств.

## Глава 3. Проверка готовности ВЛИ 0,38 кВ к эксплуатации

13. Проверка готовности ВЛИ 0,38 кВ к эксплуатации осуществляется приемочной комиссией путем выборочных осмотров, проверок и измерений, в результате которых должны быть подтверждены:

1) По опорам:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- соответствие опор, их типов, конструкций (траверсы, консоли и др.), расстановки по трассе, значения заглубления требованиям проектной и конструкторской документации;

- качество материала опор, отсутствие трещин, обнажений арматуры, искривлений, следов механических повреждений;

- качество заделки опор в грунте;

- качество крепления элементов опор.

2) По самонесущим изолированным проводам:

- соответствие проекту марок и сечений проводов;

- целость изолирую щ его покрытия СИП (отсутствие следов механических повреждений, истирания покрытия, надрезов и т.п.);

- отсутствие следов механических повреждений неизолированного нулевого несущего провода;

- соответствие значения электрического сопротивления петли «фаза-нуль» требованиям проектной документации;

- соответствие провисания проводов СИП нормам.

3) По узлам крепления анкерных (концевых) и поддерживающих зажимов:

- соответствие проектной и конструкторской документации;

- типы узлов должны соответствовать типам зажимов и типам стоек опор;

- отсутствие механических повреждений;

- достаточность затяжки болтовых соединений, бандажных креплений.

4) По анкерным (концевым) и поддерживающим зажимам:

- соответствие проектной и монтажной документации;

- типы зажимов должны соответствовать маркам и сечениям смонтированных СИП;

- правильность монтажа;

- отсутствие повреждений изолирующих покрытий;

- отсутствие повреждений изолирующих клиновых вкладышей анкерных (концевых) зажимов и изоляции изолированного нулевого несущего провода вблизи зажимов;

- рабочее положение (отсутствие перекоса) конусообразных втулок анкерных (концевых) зажимов неизолированного нулевого несущего провода;

- соответствие момента затяжки болтовых соединений требованиям конструкторской или монтажной документации: проверка выполняется с помощью динамометрического ключа;

- рабочее положение фиксирующих защелок;

- наличие смазки в местах контакта неизолированного участка провода с металлической частью зажима.

5) По соединительным зажимам:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- соответствие типов зажимов маркам, материалам и сечениям соединяемых проводов СИП;

- отсутствие механических повреждений зажимов;

- полнота опрессования зажима (наличие отметок и их количество, соответствующее требованиям монтажной документации);

- правильность положения и соответствие монтажной документации самоусаживающихся изолирующих оболочек;

- соответствие геометрических размеров смонтированных зажимов требованиям монтажной документации;

- отсутствие у торцов зажимов неизолированных участков изолированного провода;

- отсутствие прогибов зажимов (кривизна не должна превышать 5% длины зажима).

6) По ответвительным зажимам:

- соответствие типа ответвительного зажима марке и сечению соединяемых им проводов;

- наличие смазки на неизолированном участке провода в месте установки ответвительного зажима;

- наличие, целость и правильность установки защитного изолирующего кожуха зажима;

- целость, отсутствие механических повреждений изолирующих частей зажима в конструкциях, корпус которых выполнен из изолирующих материалов;

- достаточность затяжки болтовых соединений: проверяется с помощью динамометрического ключа на зажимах с обычными болтами и визуально - на зажимах с болтами, имеющими головку ограниченной прочности, следует убедиться в отсутствии таких головок.

7) По изолирующим защитным накладкам, колпачкам, бандажным хомутам и лентам:

- наличие и правильность установки (по проекту) защитных накладок или прокладок, их целость;

- наличие, целость и правильность установки изолирующих колпачков на свободных от присоединений концах изолированных проводов СИП;

- правильность формирования (по проекту) жгута СИП в местах установки соединительных, ответвительных, поддерживающих, анкерных (концевых) и других зажимов: наличие и целость стягивающих (бандажных) хомутов или лент.

8) По устройствам крепления СИП при его прокладке по стойкам опор, стенам зданий и сооружениям:

- соответствие проекту расстояния в свету от поверхности стойки, стены здания или сооружения до жгута СИП;

- наличие, целость и правильность установки изолирующих втулок и бандажных хомутов.

9) По устройствам заземления:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- наличие, целость и соответствие проектной документации заземляющих устройств и повторных заземлений;

- соответствие материала, сечения заземляющих проводников и провода зануления, их соединений и присоединений (в том числе к контуру заземления) требованиям проектной документации;

- отсутствие коррозии, обрывов и других видимых дефектов заземляющих проводников, связанных с контуром заземления;

- надежность сварных соединений заземляющих проводников;

- соответствие значения электрического сопротивления заземляющего устройства требованиям устройства ВЛИ до 1 кВ;

- соответствие схемы установки разрядников требованиям проектной документации.

10) По габаритам, приближениям, пересечениям и сближениям ВЛИ 0,38 кВ:

- соответствие габаритов ВЛИ, их приближений, пересечений и сближений с другими ВЛ (в том числе при совместной подвеске), элементами зданий и сооружений и другими объектами требованиям проектно-сметной документации ВЛИ до 1 кВ (проверка производится путем измерений);

- отсутствие опасности падения деревьев на опоры и провода ВЛИ.

11) По устройствам секционирования, рубильникам-предохранителям:

- соответствие схемы установки требованиям проектной документации;

- комплектность;

- правильность фазировки проводов;

- соответствие проекту номинальных токов плавких вставок;

- состояние болтовых соединений (соответствие момента затяжки болтов требованиям технической документации);

- наличие смазки в месте контакта провода и зажима;

- состояние прессуемых соединительных зажимов и наконечников;

- надежность крепления к опорам, сооружениям;

- отсутствие видимых дефектов;

- наличие, целость защитных кожухов;

- надежность работы механической части устройств.

## Глава 4. Приемка ВЛИ 0,38 кВ в эксплуатацию

14. На первом этапе приемки объекта производится проверка готовности ВЛИ 0,38 кВ рабочей комиссией в составе представителей Заказчика и Подрядчика в объеме согласно главы 3 настоящих Правил составляется Акт рабочей комиссии, и по мере устранения выявленных недостатков производится приемка в эксплуатацию завершенного строительством объекта Государственной приемочной комиссией.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

15. К акту приемки должны прилагаться документы об отводе земельного участка под строительство ВЛИ, проектно-сметная документация, схемы и чертежи ВЛИ и комплектующих, паспорт объекта, заводские паспорта и инструкции по эксплуатации комплектующих изделий, акты скрытых работ, акты приемки отдельных ответственных конструкций (переходов и пересечений), протокола испытаний, комплексного опробывания в соответствии с «Правилами приемки в эксплуатацию законченных строительством объектов распределительных электросетей напряжением 0,38-10 кВ», утвержденными приказом Министерства энергетики Кыргызской Республики № 01-13/69 от 22 марта 2023 года.

16. Объект считается принятым в эксплуатацию с момента утверждения акта приемки, подписания приказа о вводе в эксплуатацию и введения в базу данных по основным средствам.

17. Если по объекту ВЛИ 0,38 кВ сроки утверждения акта приемки в эксплуатацию истекли, объект считается не принятым и по нему приемочная комиссия назначается повторно.

18. Запрещается приемка объекта с неустраненными замечаниями рабочей комиссии или с не прошедшими испытания и опробывания, а также при использовании материалов и комплектующих не соответствующих техническим требованиям и не сертифицированных изделий (если оно должно пройти соответствующую сертификацию).

19. Нарушение Правил приемки в эксплуатацию влечет за собой ответственность всех членов комиссии включая председателя комиссии и лиц, понуждающих к принятию объекта с недоделками и дефектами, которые могут привести к авариям или могут создать опасность обслуживающему персоналу при эксплуатации.


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
№ 63-5, 20.10.2025
Кол койгон: Ибраев Т.Ө.

## Содержание


| | |
|---|---|
| Глава 1. Общие положения | 1 |
| Глава 2. Общие требования к приемке ВЛИ-0,38 кВ в эксплуатацию | 2 |
| Глава 3. Проверка готовности ВЛИ-0,38 кВ к эксплуатации | 2 |
| Глава 4. Приемка ВЛИ- 0,38 кВ в эксплуатацию | 5 |


## Условные сокращения

| | |
|---|---|
| ВЛИ | воздушные линии с изолированными проводами |
| СИП | самонесущие изолированные провода |


ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН